КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ОБЛАСТЫ
ЖУМГАЛ РАЙОНУ
БАШ-КУУГАНДЫ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖУМГАЛСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАШ-КУУГАНДИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**БАШ-КУУГАНДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН XVIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКТЕГИ ОН БИРИНЧИ СЕССИЯСЫНЫН**
**№ 18-11/2 ТОКТОМУ**

**15 - июнь 2022-жыл** **Баш-Кууганды айылы**

Кыргыз Республикасынын «Жайыттар жөнүндөгү» Мыйзамынын 8-беренесине ылайык жайыт жерлерин натыйжалуу, сарамжалдуу башкарууну жана пайдалануу үчүн жайыт акынын баасын бекитүү, чабандардын мал баккандыгы үчүн төлөнүүчү акысын бекитүү, жаздоо, жайлоо, кыштоолорго көчүү-конуу убактыларын бекитүү боюнча Баш-Кууганды айыл аймагынын Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин төрагасы У.Жамгырчиевдин 2021-жылдагы аткарылган иштерин жана жайыт комитетинин жаны дайындалган төрагасы Т.Жээналиевдин 2022-жылда аткара турган иштери жөнүндө маалыматты угуп Баш-Кууганды айыл аймагынын айылдык Кеңешинин XVIII чакырылышынын кезектеги он биринчи сессиясы **токтом кылат:**

1. Баш-Кууганды айыл аймагынын жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2021-жылдагы аткарылган иштери канаатандырарлык деп табылсын.
2. Баш-Кууганды айыл аймагынын жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2021 жылдан өнбөй калган суммасы 45826 сом, 2022 жылга жылдык бюджети 275652 сом, ошондо 1 жылдык бюджети 321478 сом болуп бекитилсин.
3. Мал баккандыгы үчүн бадачынын акысы кой-эчкиге 45 сом, бодо малга 400 сом болуп бекитилсин.
4. Баш-Кууганды айыл аймагынын жашоочуларына 2022-жылдын 15-апрелине чейин мал (бодо жана майда жандык) айдоо аянтына кирсе — мал ээсине эскертүү берилсин, 2022-жылдын 15-апрелинен кийин айдоо аянтына кирсе 1 баш бодо малга биринчи жолу 150 сом, майда жандыктарга 20 сом, экинчи жолу кирсе 200 сом, майда жандыктарга 30 сом айып салынсын. Эгерде тартип бузуу кайталанса мал ээси мыйзам алдында жооп берет. Малчы же жайыт пайдалануучу өзүм билемдик менен жайыт пайдаланып же мал акысын көтөргөн малчылар үчүн 5000 (беш миң) сом айып салынсын.
5. Жаздоого 15-апрелден калбай, жайлоолорго 25-июньдан кеч эмес көчүрүлсүн. Күздөөгө 1-октябрьдан эрте көчүп келбесин. Өз убагында көчпөгөн же эрте көчүп келген малчыларга 5000 (беш миң) сом айып салынсын. Ар бир жаздоо, жайлоого көчпөгөн күн үчүн 2% туум эсептелсин.
6. Жайыт эсебиндеги жерлерди башка максаттарга пайдаланып жаткан аянтарынан ар 1(бир) сотыхка 10 сомдон төлөнсүн.
7. Ар бир жайыт пайдалануучу менен келишим түзүлсүн жана комиссия менен бирдикте санак жүргүзүлсүн. Малын санатпаган жайыт пайдалануучуга мыйзам чегинде чара көрүлсүн.
8. Малын кем санаткан жайыт пайдалануучуга ар бир кой-эчкиге 100 (жүз) сомдон, ар бир баш бодо малга 500 (беш жүз) сомдон айып салынсын.
9. Бул токтомдун аткарылышы Баш-Кууганды айыл аймагынын жайыт комитетинин төрагасы Т.Жээналиевке милдеттендирилсин.
10. Бул Токтом айыл өкмөтүнүн аппаратынан каттоодон өткөрүлүп, www.gamsumo.kg веб-сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Нарын облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

Каттоо номери 93

Төрага: Т.Сайнидинов.

“ Бекитемин”

Баш-Кууганды айылдык кенешинин төрагасы
Т.Сайнидинов ______________ Баш-Кууганды
айылдык кенешинин 2022 – жыл
“15 ”июнь № 18-11/2 кезектүү
Сессиясынын токтомунда бекиген

Нарын областынын Жумгал районундагы Баш-Кууганды айыл өкмөтүнүн жайыт пайдалануучуларынын жайыт комитетинин 2022 - жылга карата.

Бюджети

| № | Малдын туру | Саны(баш) | 1 баш малга (сом) | Баардык сумма (сом) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | КИРЕШЕ БӨЛУК: | | | |
| 1.1 | Ири муйузду мал | 1262 | 60 | 75 720 |
| 1.2 | Жылкы | 1220 | 60 | 73 200 |
| 1.3 | Кой - эчки | 10561 | 12 | 126 732 |
| | Жалпы 1 статья | ----- | ---- | **275 652** |
| | 2021 жылдан онбой калган калдык сумма | ---- | ---- | 45 826 |
| | Баары 1 статья | | | **321 478** |

ЧЫГАША БӨЛУК :

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жайыттын инфраструктурасын жакшыртуу | | | |
| 1.1 | Жайлоо ,кыштоолордун жолдорун туртуу тазалоо,кум шагыл төгүү | ----- | 100 000 | 100 000 |
| | Жалпы 1 статья | | | **100 000** |
| 2 | Эмгек акы | | | |
| 2.1 | ЖК төрагасы | 12 ай | 6250 | 75 000 |
| 2.2 | ЖК бухгалтери | 12 ай | 6250 | 75 000 |
| 2.3 | Соц фондго чегеруу 27,25 (айлык акы фондунан) | 12 ай | 27,25 % | 40 875 |
| | Жалпы 2 статья | ------ | ----- | **190 875** |
| 3 | Башка администрадивдик жана операциялык чыгымдар | | | |
| 3.1 | Командировка чыгымы | 12 ай | ----- | 8 000 |
| 3.2 | Канцелярдык чыгымы,(картридж,кагаз,ж.б) | 12 ай | ----- | 3 000 |
| 3.3 | Жайыттын жер налогу 10764га 1 жылга | 10764 | 2,34 | льгота |
| 3.4 | Куйуучу май | ----- | ---- | 19 603 |
| | Жалпы 3 статья | ----- | ---- | **30 603** |
| | Баардык чыгымдар 1,2 статья | ----- | ----- | 321 478 |
| | Жайыт комитетинин 1 жылдык чыгымы | ----- | ------ | **321 478** |
| | | ----- | ------ | ------- |

Жайыт комитетинин төрагасы: Жээналиев.Т.Ш.